Гүлайым Каарова


# Туулган жердин топурагы алтын



Жалал-Абад 2017-жыл

Гүлайым КААРОВА

# ТУУЛГАН ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ АЛТЫН



СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ № 16461

Жалал-Абад, 2017

Бул китепчеге мугалим калемгердин ар кыл жылдарда жазылган лирикалык чыгармалары топтолду. Китепче поэзия күйөрмандарына жана жалпы эле окурмандарга арналат.

# АВТОРДОН АЛГЫ СӨЗ

Мен, Каарова Гүлайым, 1959-жылы 3-декабрда Жалал-Абад облыстынын Сузак районуна караштуу Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн Кызыл-Кыя айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келгенмин. Жети жашыман Сейдакматов атындагы орто мектебине барып окуп, ушул эле мектепте 8-класска чейин билим алдым. Ал эми 10-классты Көк-Арт мектеп интернатынан аяктап, 1977-жылы Жалал-Абад шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынан «Эмгекке үйрөтүү» адистигин алдым. Эмгек жолумду Сузак районундагы Апсаматов атындагы орто мектебинен баштап, ал жерде сегиз жыл кесибим боюнча эмгектендим. Турмуш-шартыма байланыштуу Атабеков айылындагы Интернационал мектебинде 1994-жылга чейин иштедим. 1994-жылдан бери Багыш айыл өкмөтүнө караштуу Рахман Исманалиев атындагы орто мектебинде эмгектенип келе жатамын. «Билим алуунун эрте-кечи жок» дегендей, кеч болсо да, жогорку маалымат алуу максатында Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых факультетинде сырттан окуп жатамын. Эл агартуу тармагында үзүрлүү иштеп, эки кызга татыктуу тарбия берүүнү да унуткан жокмун. Жылдыз жана Айдың аттуу кыздарым азыр өздөрүнчө турмуш күтүп, очор-бачар болушту.

Поэзия дүйнөсүнө балалык кезден эле аралашып жүрөмүн. Тилекке каршы, жазылган ырларымды атайын китеп кылып чыгарууга, же басылмаларга басууга турмуш-шартка байланыштуу мүмкүнчүлүк болбой келди.

Урматтуу окурманым, бул китеп менин алгачкы жыйнагым. Андыктан окуп көрүп, өз оюңузду айтарсыз. Менин каармандарым карапайым жөнөкөй гана адамдар, ар кыл кесиптин ээлери.

*Сиздерди урматтаган,*
*акын кызыңар* Гүлайым КААРОВА

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргыз элим ынтымакка жамынган,
Кармашууда душмандарды уят кылган.
Бүт дүйнөнү өз элине чакырып,
"Манас" менен бүт дүйнөгө таанылган.

Кыргыз элим бүт дүйнөгө таанылган,
Эркиндикти өз колуна алышып.
Кудай колдоп, жолун ондоп,
Жүрсүн элим ар дайым,
Жылдыз болуп жанышып...

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Өз энемдин тилин каалайм,
Өзгө тилди каалабайм.
Өрнөк берген адамга,
Өркүндөсүн кыргыз тил.

Тил дегенде тил менен,
Жазат акын ыр менен.
Өркүндөсүн эне тилим,
Кыргыз тили биз менен.

Кыргызым, келгилечи кеңешели,
Кыргыз тилин билбей туруп,
Орус менен англисче сүйлөсө.
Кыргыздардын баркы кайда,
Кыргызыма уят болот өзгөчө.

## КИТЕП

Айдан чыгып нур берген,
Ааламды эске салган китеп.
Алтын тамга баскан китеп,
Акындар иргеп жазган китеп!

Күн нурундай тийип турган,
Күнүгө ойду бийик кылган,
Китепке бүткүл байлык теңешеби,
Келгиле, замандаштар кеңешели!

Ааламдагы адамды бүт чакырып,
Акыл менен иштеген.
Китепте бардык билим деп,
Айта алам даана сөз менен.

## ӨСКӨН ЖЕРИМ

Ким танат туулган жердин асылдыгын,
Элимдин теңдеши жок баатырдыгын.
Сени ырдап өтөр жерим Кызыл-Кыя,
Көркөмдөйт келбетиңди акын кызың.

Акынмын деп өзүмдү мактабаймын,
Асылым деп жүрөккө сактайм дайым.
Сасык-Булак, Текечер, Ортокту айлым,
Көз өткөнчө силер менен мактанамын.

Урпакка кут, береке төккөн жерим,
Дайым жаш картайбаган көктөм жерим.
Топурагың денеме кубат берет,
Кагылам бир өзүңдөн өскөн жерим.

Жоготкондой колдогу берметимди,
Сагынам алыс жүрсөм келбетиңди.
Ажарың артык мага туулган айлым,
Таба албай башка жерден теңдешиңди.

Сууларың агып жаткан маржан болуп,
Дем берет жүрөгүмө дарман болуп.
Көп жылга көрбөй калсам сагынамын,
Атам менен апамдай арман болуп.

Долоно, карагаттуу, токой жерим,
Аралап жемишиңди терип жедим.
Жагымдуу жашартуучу андай даам жок,
Тирүүлүктө мен таткан жемиштердин.

Колдоп жүр мен өңдөнгөн ардагыңды,
Колдоп жүр мен өстүргөн балдарымды,
Кубанычым сени менен тең бөлүшүп,
Сага айтам, туулган жерим, арманымды.

## МИҢ ЫРАХМАТ МУГАЛИМГЕ

Мугалим сизге ырахмат,
Бала окутуп бапестеп.
Жемишин көрүп мөмөңдүн,
Билим берген аздектеп.

Эмне дейм сизге мугалим.
Билимдин кенин билесиз.
Тарбия берип балдарга,
Өмүрдү арнап келесиз.

Алтындай болгон эжеке,
Ардактап жүрөм эмгиче.
Апамдан жакшы көрөмүн,
Жетиңиз улам бийикке.

## АТТЕСТАЦИЯ БИЗ ҮЧҮН

Эй, курбулар, кеңешели келгилечи,
Аттестация кыйын дейт кеңеш бергилечи.
Комиссия тагдырды чечет дейт,
Эки орун басар берет дейт.

Комиссиядан суранарын,
Ак ниет иштегиле.
Ар бир мугалимдин тагдырын ойлоп,,
Адилеттик менен чечкиле.

Ардак грамота алдым деп,
Агайым күлөт күлүңдөп.
Эң жогорку орун алдым деп.
Эжекем жүрөт жымыңдап...

## КЫЗЫЛ-КЫЯ

Кызыл-Кыя – куттуу жер,
Алма, жаңгак баары бышкан салаалап.
Кызыл-кыя – ыйык жер,
Аркар, кулжа, кой-эчкиси аралаш.
Кызыл-Кыя – ырыстуу жер,
Алча, чөбү, долоносу дары дейт.
Кызыл-Кыя кызырлуу жер,
Аска тоодон шаркыраган
Өзөн, суусу дары дейт.

Жайлоосуна элим чыгып,
Көңүлү шатка бөлөнгөн.
Кызыл-Кыя кызырлуу жер,
Кыяматтык сырлары бар чөгөргөн.
Кыргыздар чыгып жайлоого,
Кымыз ичип, кой союп, шерине жеген.

Кыргыз үйдө кыз узатып, келин алган,
Меймандостук кыргызымдын мүнөзү.
Айылдары Сасык-Булак, Текечер,
Кызыл-Кыям сагынарым сен өзүң.

Жайлоолору шибер чөпкө жамынган.
Арчалары бийик өсүп жетилген,
Атыр гүлү аңкып турат өзүнчө,
Көңүлдөгү капалыкты кетирген.

Кырынан кызарып күн чыкса,
Кыйыр куштар сайрашат.
Мелмилдеп аккан суулардан,
Балыгын балдар кармашат.

## ГҮЛДӨЙ БЕР, КЫРГЫЗСТАН

Жаңгак бышып төгүлгөн Кара-Алма,
Тоо, таштары эркелүү Сулайман тоо
Шаркыратма суулары бар Арстанбабым,
Келүндө өрдөк ойноп,
Эл дем алган Сары-Челек,
Аккан суусу дары болуп,
Элге жаккан курорт Жалал-Абад,
Гүлдөй бер, өркүндөй бер, Кыргызстаным.

Жеримден чыгып кендер, түркүн байлык,
Элимдин турмуш шарты күндө оңолуп –
Кызыл-Кыя, Көк-Арттан аккан суудан.
Талааларың кызыл-тазыл гүлгө оронуп,
Кен байлыгың, арпа, буудай арбын болуп,
Гүлдөй бер, өсө бергин Кыргызстаным.

Эл-журтуң кенен чыгып жайлоолорго,
Төрт түлүк ача берсин тоонун көркүн.
«Уйдун сүтү, бээнин сүтү дары»,- деп,
Деп соолук сураганга шыпаа берсин.

## МЭЭРИМДҮҮ КЫРГЫЗСТАНЫМ

Кызарып күн асмандан мээрин чачат.
Кудайым ай, жылдызды берип турат,
Кудурет турпактан адамды жасап келет.
Адамдар турмуш куруп жашап келет.
Уулдары, кыздары баатыр келет.

Кудурет адамдарга жанды берет,
Жашоонун ырахатын улап келет.
Адамга акыл эсти өзү берет,
Сүйлө деп сага тилди берет.
Адамдар бири-биринен артык эмес,
Баары бирдей жаралат.

Бакыт, мээрди жараткан өзү берет.
Артыкча уул-кыздарга,
Кызыр бакты коштоп берет.
Ал адамдар молдо болуп чыга келет,
Эмдешип элди окуп, мээрим берет.

## ГҮЛДӨСҮН КЫРГЫЗСТАНЫМ

Гүлдүү жер Кыргызстаным,
Гүлдесте бейиш таңың.
Күркүрөп жамгыр жааса,
Күлүңдөн күн төгүлүп –
Гүлдөй бер Кыргызстаным!

## КЫРГЫЗДЫН ЖАҢЫ ЖЫЛЫ

Ноорuз келди жаңырып,
Кар кетип, жаз келди.
Жаңы чыккан көк шибер,
Жаңы бакыт апкелди.

Дарак бүрдөп, тал-теректин,
Шактарында булбул сайрап.
Келгин куштар келишти,
Талааларда гүлдөр жайнап.

Март айы – майрам айы,
Махабаттын сырдуу айы.
Март айы – береке айы,
Мартабалуу жаздын айы.

## АСЫЛЫМ АПАМ, АСЫЛКАН

Асылым апам, арманым айтам,
Ажалга баш ийдиңби?
Ардактап балдардын сыйын көрбей,
Арманда балким кеттиңби?

Асылым апам, арман кылам,
Арасынан карайм элдердин.
Ардагым апам сиз жоксуз
Арасында өзүң теңдердин.

Кудайым жараткан дейт эки дүйнө,
Каалайдыңызбы сиз да ошол дүйнөнү.
Кантейин ыйлап сизди таппадым,
Арман болду Кудайга да айтканым.
Кудайым сизге мээримин төгүп.
Кут кылсын эми бейиштин төрүн.

## АПАМДЫН СӨЗҮН УНУТПАЙМ

Мен жаш бала элем,
Эми жетилген чырпыктай.
Мен апамдан калган кезде,
Чырылдаган элем чымчыктай...

Менин энем тагдырымды ойлогон:
«Акылдуу бол, боорукер бол,
Кудайдан суранарым аман кылсын,
Сени жана акеңди.
Менин айткан сөздөрүмдү унутпа,
Менин жашоом түгөндү...

Сен ыйлаба, кайрат бергин,
Менин апам Бегайымга.
Менин балам Сарыбайга да кыйын да,
Ажал айтып келе жатат,
Мен арманда кетип жатам..."

...Мен анда жаш бала элем,
Эми жетилген чырпыктай.
Мен апамдан калган кезде,
Чырылдаган элем чымчыктай!..

## АПАМ АСЫЛКАНДЫН АРМАНЫ

Шаркыраган тоонун суусун кечпедим,
Шаңкылдаган бойдон эле кетпедим.
Гүл аралап жүрчү элем,
Шаркыраган тунук суунун боюнда.
Ошонун баарын таштадым,
Бул дартка айла таппадым.

Шар аккан сууну кечпедим,
Шаңкылдап күлүп кетпедим.
Аралап тоонун шиберин,
Алмасын терип жебедим.

Апама жардам берип чоңойгун,
Калган өмүрүмдү сага берсин Кудайым.
Бактылуу бол, бар бол, балам,
Таалай бактың ачылсын, Гүлайым!..

## МЕНИН АПАМ АСЫЛКАН

Мен ыйласам буркурап,
Көңүл айтат курбулар.
Көз жашымды аарчысам,
Жүрөгүм ооруп зыркырап.

Атың Асыл болгон соң,
Кудай сизди жактырып.
Шум ажалды жиберип,
Алып кетти дүйнөдөн.

Бир тууганың Кадыркул,
Дагы иниң Көчкөнбай.
Эжемди кантип берем деп,
Айла таппайт эч кандай...

Балдарды кимге тапшырдың?
Апасы шордуу Бегайым,
Баланды Кудай алдыбы?
Түшүмбү же, өңүмбү,
Түгөнгөнүң ушулбу?..

## МЕНИН ТАЕНЕМ БЕГАЙЫМ

Бегайым менин таене...,
Умай эне колдогон.
Токсонго чыгып жашыңыз.
Чеберелерге оролгон.

Кадыркул, Көчкөн, Сарыбай,
Уулдун көрүп урматын,
Каныкей менен Мейликан,
Кыздардын көрүп кызматын.

Бапестеп небере бактыңыз,
Балдарга мээриң төгүлүп.
Баарынан урмат көрдүңүз,
Келинди жумшап керилип.

Келиндер Мактаб, Аманбү,
Күлүп жайнап турушат.
Оорусаңыз отургузуп,
Бапестеп сизди багышат.

Ак шейшепке жаткырып,
Бөпөлөп сизди карашат.
Балдарың болсун өмүрлүү,
Ак батаңды берип жат.

## СҮЙҮҮҢДҮ АКТА

Сен туруп кызыл гүлдү кармап,
Мен булбул шакта туруп сайрап.
Кусалык мени алып шаштырып,
Сагынычтуу сүйүүгө туш кылып.

Сен түшүнүп сүйүү отун кечтиң беле,
Сүйүүнүн баркына жеттиң беле.
Сүйүү жаш-карыга карабайт дейт,
Сүйүүндү акта, сүйгөнүңө жет.

## МУГАЛИМБИЗ

Мугалим кээде шайыр күлүңдөп,
Мугалим кээде туруп муңканат.
Мугалим билимге бай, кен пейил
Мугалимге карыз бардык адамзат,

Мугалимдер келечек үчүн иштейбиз,
Милдетибиз – адам тарбиялоо өстүрүп.
Жетилгенде канаттарын тарап,
Учурабыз уядан турмушка күүлөнтүп.

Мугалим – мөмөлүү дарак,
Билимин берет баардарга.
Мугалим – тамырлаган дарак,
Тамырын жаят ааламга.

## НООРУЗ МАЙРАМЫ

Нооруз майрам ыйык биз үчүн,
Умай эне жасаган сүмөлөгү.
Кызыр ата өзү колдоп кыргыздарды,
Кылымдардан бери карай сүйөлөдү.

Кыр-кырларда ойногон,
Эликтин этин жеген.
Байманасы ташыган эл,
Кыргыз эли илгертен.

Кана эмесе, меймандар.
Кыргыздын даамын таткыла,
Кыргыздын көрүп пейилин,
Кыргыз менен дос болуп кайткыла.

## 1-МАЙ МАЙРАМЫ

Май айы – ырдын айы,
Кереметтүү сырдын айы.
Май айы майрамга бай,
Кыргызга ырыскысын берген айы.

Майрамга майрам улансын,
Маңдайы жазы көрүнсүн.
Маңкайган кыргыз калкым,
Майрамда көңүл көтөрсүн.

## КУРМАНЖАН ДАТКА

Тоо шумкардай шамдагай,
Толгон Курманжан датка эне.
Тоолук кыргыз элдерин,
Толуктап турган Умай эне.

Курманжан атын укканда,
Кыргыз кыз-келин сүйүнгөн.
Кыргыздын кырк кызын улап,
Кызырдуу эне кыргыз элине.

## МЭЭРБАН ЭЖЕ КӨРҮНӨТ

Медсёстра Мекен үчүн иштеген,
Гиппократтын антын дайым актаган.
Мээрбан эжелердин жүрөгү таза болот.
Адамзаттын ден соолугун сактаган.

Ак халатчан, ак пейилдүү ал кыздар,
Ала-Тоонун аккан тунук суусундай.
Ак жүрөк дилиңер, ак пейил ишиңер,
Аман болсун Соң-Көлдүн ак куусундай.

## АК ТИЛЕК

Кыз-келиндер тойго келишип,
Кыналышып ырдашат.
Куда -кудагый бирин-бири сыйлашат,
Ага туугандар биримдикке келели,
Уул менен келинге,
Ак батаны берелй.

Турсуналы, Тазагүл,
Тоюң тойго улансын.
Махабаттын тилин таап,
Сүйүүңөр түбөлүккө улансын.

Эмки жылы бешик той болуп,
Балаңар бешикте ыйласын,
Бактыңарды ачып кудайым,
Ата-эненер кубансын.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жылым,
Жаркылдап күндөй чыксын.
Жаңырган ай,
Жаңы жылда толуп турсун.

Уй жылы кетип,,
Жолборс жылы жаңырды.
Жолборс алгыр жана шамдагай,
Кыргыз элим жолборстой баатыр болсун,
Дасторконуна ырыскы толсун.

Курманбек, Манас уулдары,
Жолборстой баатыр болушкан.
Каныкей, Чүрөк, Айганыш,
Умай энебиз колдоп.,
Ак куудай пери болушкан.

## ЖАШЫРЫН СҮЙҮҮ

Мен сени сүйгөн элем эркелетип,
Махабатым келдиби деп эртелеп.
Махабаттын гүлү деп,
Сунган элем ак сүйүүнү эркелеп.

Сүйүү оту жанып турган кезинде,
Күйүп тургам жалындап.
Өчүрө албай ал сүйүүнүн жалынын,
Чыккым келген эмес эле жанындан.

Сүйүү деген жаш-карыны ылгабайт,
Кимди сүйсөң ошбол адам сүйүктүү.
Тийип турган күн нурундай,
Айдан ачык көрүнөт.



СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ №

## "ИПАРДЫН" ГҮЛДӨРҮ

Уйгурлардын илгертеден эмдөөсү,
Розадан дары жасайт керемет.
Ал дарыны пайдаланган адамдар,
Ден соолугум кайра кайтып келди дейт.

Дарысы бар "Ак чечек" деп аталган,
Ал дарыны ичкен адам жашарган.
"Күн чечек" дейт дагы бирин дарынын.
Ичкен адам күн тийгендей нурланган.

Айтымында "Биоцинкти" ичкендер,
Он беш жашка жашарат.
Тиш пастасын пайдаланган адамдын,
Ооруган жери өзү эле басылат.

"Ипар" деген атты укканда,
Жыпар жыттуу роза гүл жыттанат.
Көптөгөн курбу-курдаштар.
"Ипарда" иштеп шаттанат.

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР

Алтын уя – канчаларды жетилтип,
Балапандай бапестедин, таптадын.
Биз да бүгүн ошолордун сабында,
Чоң турмушка сапар тарта баштадык.

Учса куштар талаага,
Биз учабыз шаарларга.
Мына бүгүн акыркы күн,
Ырдап, бийлеп аларга.

СУЗАК РАЙОНДУК КИТЕПКАНАСЫ АБОНЕМЕНТ

Кудуреттин буйругу бул биздерге,
Өкүнбөйлү окуучулук кездерге.
Түрүн алып илим менен билимдин,
Кайрылабыз кайра өскөн жерлерге.
Он жыл жана жыйырма жыл кийин да.
Чогуу бойдон келели биз мектепке...

## А. БЕКНАЗАРОВ

Уккула, Бекназаров сүйлөп жатат:
"Намыс үчүн, эл үчүн, кыргыз үчүн.
Манас менен Курманбектин уулдары.
Күрөшөлү элимдин тынчтыгы үчүн...

Эркиндикке чыгарып адамдарды.
Акаевди отставкага чыгаралы!
Акаев отставкага кетсин,
Элге тынчтык келсин!.."

## КОРРУПЦИЯ

Коррупция качан жоюлат,
Кыргыздын тукумунда бул болгон эмес.
Жашоонун оңой жолун талкандар,
Өздөрү үчүн курушкан бул бир белес.

Коррупция – кимдер алар?
Университетте сабак берип жаткандар,
Методисттер, ооруп калсаң доктурлар,
Акча менен добуш алып алгандар,
Паспортту жасап саткандар,
Айыптууну коё берип,
Айыпсызды камап салгандар...
Коррупцияга малынгандар...

Коррупция качан токтолот –
Кыргыз качан беш убак намаз окуганда.
Кыргызга ак тилектер орногондо,
Эртең келер өлүмдү ойлогондо!..

## СҮЙҮҮ ОТУ

Сүйүү оту жаштык кезде жаралат,
Сүйүү бирок жаш-карыга карабайт.
Махабат да кудайдын бир энчиси,
Аны ар түрдүү кепке салуу жарабайт.

Жаштык – сүйүү жалындаган убакта,
Жашырбастан ортодо сыр чечилет.
Жалбырттаган ой-сезимге батышат.
Сабактардан жашырынып качышат.

Жаздын соккон жагымдуу бир желиндей,
Жапжаш кыздар, жапжаш балдар делбирейт.
Жаз керемет, жаштык дагы керемет,
Жаш жүрөктөр сүйүү үчүн элжирейт.

## 8-МАРТ

Жадыраган аялзаттын нурлары,
Жазындагы байчечектей ачылсын.
Майрамыңар майрамдарга уланып,
Маанайыңар түбөлүккө жазылсын.

Кыз-келиндер жадырашып сүйүнүп,
8-мартты тосуп жүрүшөт.
Ойношуп, жаштар бийлешип,
Маанайы жаркып күлүшөт.



*Неберем*
*Нурислам менен.*



*Кыздарым Айдын жана*
*Жылдыз.*



*Кызым Айдын жана*
*неберелерим Амина,*
*Нурислам.*



*Баатыр энелер менен майрамда.*




*«Мээримдүү кыздар» тобу менен.*



*Окуучуларым менен сабак учурунда.*



*Тай энем Бегайым*



*Апам Асылкан*



*Насаатчы эжем*



*Окуучулук кезимде*



*Агам Сарыбай*



*Тагаларым Нуру жана Абдырахман.*



*Фрунзе мектебиндеги эмгек жамаатым.*

Бар бол, апа,
Бар бол, эне, чоң эне,
Майрам десе козголот бүт делебе.
Майрамыңар куттуу болсун бүгүнкү,
Бакыт каалайм эжелерге, жеңеге.

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН

Сен туулуп, ата-энеңди сүйүнтүп,
Алар тилек-максатына жетишкен.
Махбуба деп сага ысым беришкен,
Нур төгүлгөн ошол күнү эшиктен.

Кудайым каалап кыз берип,
Кубаныч толгон үйүндө.
Туурга куш конду деп,
Тууган-урук сүйүнгөн.

Убакыт өтүп, жашың да,
Кырк жетиге толуптур.
Балдардын көрүп убайын,
Балпайган кезиң болуптур.

Туулган күнүң кут болсун,
Көкүрөгүң гүлгө толсун.
Ай нурундай ажарлуу,
Күндөй чыгып чачылган,
Береке болсун!
Сага каалоо арнаган,
Гүлайым деген досуң!..

## 20 ЖЫЛДЫК

Жамгыр жашын төккөндөй,
Жаштыктын бир белгиси,
Бир жаңырып өткөндөй.
Жыйырма жылдык келдиби,
Жадыраган көктөмдөй.

Жадыраган жаштык-ай,
Жадыраган бала-кыз.
Жыйырма жылда жетилип,
Токтоо болуп барабыз.

Ошондогу классташтар,
Оюмда турат – караңыз,
Токтой турчу, сен жигит,
Мектепке бирге барабыз...

## ОКТЯБРЬ АЙЫЛЫ

Октябрь деген айылда,
"Дружба" совхоз бар эле.
Кыргызы, түркү, чечени,
Курд, татары, немиси,
Айтылбай калган эчени,
Аралаш жүрчү баары эле.

Район болгон Октябрь,
Чарбасы, малы көбөйүп.
Эт-сүттөн план толтуруп,
Көк-Арттым шаңга бөлөнүп.

Дыйканчылык өнүккөн,
Тамеки, эгин көбөйгөн.
Жашылча тегиз айдалып,

Дарбызы бышып төгүлгөн,
Дыйканчылык өнүккөн.

Тукубай баатыр чыккан жер,
Акын, жазуучу, сүрөтчүлөр чыккан.
Генерал Рашиддей балдар өсүп,
Депутаттар элге кызмат кылышкан...

## ФРУНЗЕ МЕКТЕБИ

Фрунзе мектеби,
Ынтымактуу, бир тууган.
Ар кандай иште алдыда,
Жеңиштин ээси болушкан.

Ырдап, бийлеп, ак иштеп,
Самарканга барышкан.
Ынтымагы, ыры бар,
Алдагы чыккан жарыштан.

Жаштары шайыр күлүңдөп,
Шарты бар мектеп курулган.
Кабинеттик система,
Билимге көңүл бурулган.

## КАРЫГАНДАГЫ СҮЙҮҮ

Сага болду бир жолдошуң себепкер,
Мага болду сендей бала себепчи.
Ортобуздан сүйүү жанып жылмайды,
Таң каламын карыганда,
Сүйүшкөндөр таттуу болот турбайбы...

Сен сыйлап, ардактасаң мени,
Мен сыйлап, караймын сени.
Ортобузда оту жанып сүйүүнүн,
Мамилебиз түбөлүк болсун эми.

## МАКСАТЫБЫЗ БИР БОЛСУН

Сен жүрсөң махабат талаасында,
Мен калдым махабат шамалында.
Сен сүйүп кызыл гүлдү кармадың,
Мен махабаттын арманы менен калгамын.

Сен эңсеп кызыл гүлгө умтулсаң,
Мен сүйүп булбулум деп умтулдум.
Кудайым берди окшойт бир жолду,
Кошулуп максатыбыз бир болду.

## АГАЙЫМ МЕНИН КОНОКБАЙ

Атамдан артык көрөмүн,
Конокбай сыйлуу агайды.
Акылын айтып ар дайым,
Баарыбызды таптады,
Андыктан сыйлайм агайды.

Аргымак минип камчылап,
Алыстан келчү мектепке.
Ак пейил менен сугарды,
Айылдык балдарды билимге,
Акын, мугалим чыгарды.

Агайым алган сыйлыгың,
Орден, медаль, Ардак наам,
Убайын берсин баарысы.
Ардактуу өмүр сүрүңүз,
Айылдын кутман карысы.

## РАХМАН АГАЙГА

Мен суктанам агай сизге,
Үлгү болгон ар бир иште.
Рахман деп ат берип өзүңүзгө,
Жараткан ээ кылыптыр мээрим күчкө.

Ошол заман сизге жарашкан,
Рахман агай ишке шашып.
Өкмөттүн иши дегенде,
Жерге койгон ичкен ашын.

Агайдын көзү өтсө да,
Эч качан өлбөйт эмгеги.
Агай – элдин адамы,
Элеси жашайт элдеги.

Рахман агай өткөндө,
Кейибей адам калбады.
Бейиштен болуп турагы,
Колдосун элди арбагы.

## АБДЫМАЛИК ИНИМЕ

Атаң сени торолтуп,
Апаң сени чоңойтуп.
Алладан сурап бактыңды,
Алпештеп сени бакты го.

Актагын атаң-апаңды,
«Ардактап баккан балам»- деп.
«Ардактуу кыргыздын баласы болсун»- деп,
Ааламга даңкың чыгып иштегин эмгектенип.

Адамдын сапатына караба,
Чоң кичине, бай-кембагал дебестен,
Мамилеңди туура жасап үйрөнгүн,
Жетим менен жесирлерге жардам берсе,
Сен аласың Кудайдын алкышын- деп, жжең.

## КУРМАНБЕК БААТЫРГА

Кыргыздан чыккан кыраан куш,
Курманбек баатыр өскөн дейт.
Кырк чоро курап элинен,
Кырк душманды жеңген дейт.

Айганыш сулуу айдың кыз,
Аялзаттын периси.
Аргымак токуп мингизген,
Ааламга даңкын чыгарып.

Алп каракуш айланып,
Балапан кезде өскөн дейт.
Калмак-Кырчын жеринде,
Курманбек баатыр өткөн дейт.

## РЫСПАЙ ЫРЧЫГА

Талант деген тоодон ашкан дарыя,
Кудай берген талантты да.
Кармап калган,
Рыспай агай да.

Бала кезде созолонтуп ырдаган,
Тоо жаңыртып булбул куштай сайраган.
Кыргызымдан чыккан кыраан куш элең,
Эми Рыспай жаралбастыр кайрадан..

Обондун түрүн чыгарып,
Ойлонткон жигит-кыздарды.
Кетсең да өзүң ааламдан,
Калтырдың артка ырларды.

## ГАПАР АЙТИАЕВГЕ 100 ЖЫЛ

Сүрөттү тарткан тирүүдөй,
Сүйлөсө сөзү билинбей.
Сүйүктүү кыргыз элинен,
Сүйкүмдүү сүрөтчүсү,
Гапар Айтиев 100 жашта.

Самайсыз сиз көп нерсе,
Сагынсаң мезгил келгенде.
Санаалаш достор сагынып,
Саргаяр эстегенде.

Эмгегиңиз калды көп жерде
Элиңиз баалайт эмгекти.
Көзүңүз тирүү болгондо,
Көп эмгек көргөзмөксүз,
Кыргыз элине.
Өзүңүз жок болсоңуз да,
Ишиңиз калды элиңе.

Эмгегиңиз өлбөйт эч качан.
Элибиз унутпайт сизди.
Дайыма эстеп жүрөт билиңиз,
Жүрөгүнүн төрүнөн орун берет.
Сиз кыргыз бар кезде тирүүсүз,
О дүйнөдө бейиши болуп жүрүңүз.

## ӨМҮР САКЧЫСЫ ВРАЧКА

Өмүрдүн чегин сактаган,
Өлкөсүн иштеп даңктаган.
Өмүрүң өсүп түбөлүк,
Жамандык көрбө эч качан.

## ТУМАНОВ ТОКТОГУЛГА

Сага каалоом – узун өмүр, келечек,
Асмандагы айдын тийип жарыгы.
Дүйнөдөгү бардык жакшы нерселер,
Курчап турсун сенин туш-туш жагыңды,

Үй-бүлөңдө болуп дайым ынтымак,
Өмүрүң узун, өрүшүң болсун жайык.
Ишинде ийгилик болуп ар дайым,
Ар убакта жолдоруң болсун жарык.

## РАШИД ТАГАЕВГЕ

*2010-жыл – Жолборс жылыңыз куттуу болсун. Жолборстой алгыр, тоо суусундай ашып-ташкан, роза гүлүндөй ачылган, күн нурундай чачылган, ай нурундай тийип турган, арчадай жыттуу болсун көңүлүңүз, аккан суудай узун болсун өмүрүңүз. Үй-бүлөңүз менен тынчтыкта, бактылуу жашап, иштериңиздин ийгиликтүү, өмүрүңүз узун, өрүшүңүз жайык, элдин үмүтүн актаган депутат болушуңузду каалайм.*

Атадан акылман туулган бала,
Эне сыйлап, эл сыйлаган, бата алган.
Окуткан мугалимден алкыш алган,
Мектепти куруп балдарга,
Мугалимдердин алкышына калган.

Балдардын бактысын ойлоп,
Бакыйган Рашид депутат.
Мектептин курулушуна салымын кошуп,
Окуучулардын рахматын алган.
Октябрь айылы ишенип депутатка,
Рашидди телевизордон көргөндө.

Атасын көргөндөй сүйүнгөн эл,
Багыш айылынын элдерин гүлдөтсүн,
Октябрь айылына чоң жардам
Көрсөтөрүңө эл ишенет.
Бактылуу бала Рашид Тагаев деп,
Аксакалдардын батасын алган.

## АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫ РАХМАНГА

Рахман – айыл өкмөтү,
Өжөрлөнүп иштеген.
Ич тарларга сыр бербей,
Көргөзгөн өзүн иш менен.

Элдин ишенимин актап,
Көчөлөр менен жолду оңдоп.
Калкынан алды алкышты,
Кудайым өзү колдоп.

Карыя, аксакалдарды сыйлап,
Карылар үйүнөн аябады жардамды.
Жаш балдарды эркелетип өстүрүп,
Мектептерден тынымсыз кабар алды.

## АБДЫРАХМАН АГАЙГА

Абдырахман агайым,
Армияда жакшы иштеп –
Элине кайтып келгенде,
Тосуп алган ак мектеп.

Ак ниет, сылык, ак тилек,
Жетим калган балдарга,
Камкордук кылган аталык.
Жесирлерге жардамдашып,
Элинен алган батаны.

Директор болуп иштеди,
"Правда" деген мектепте.
Насаатчы болуп жаштарга,
Баар тапкан эмгектен.

## НУР ТАГАМА

Кудайым нур төгүп,
Көптү берди.
Перзенттен тартып койду,
Ага да көндү.
Бул дүйнөдө жашады,
Гүлгө айлантып чөлдү.

Нур тагам,
Бала окутуп бапестеди.
Көп баланын багын ачып,
Көп тууганга жардам берди.

Нур тагам баккан кызы,
Динараны эркелетти.
Жетелеп жүрдү нечен неберелерди.
Жашоонун бар экен да чеги,
Ажалга башын ийип,
Арабыздан кетти...

## ЖАМААТЫМА

Мен, Гүлайым, ачык сүйлөп, так айткан,
Жамаатыбыз ынтымактуу бололу.
Эрте менен, түштөн кийин бөлүнбөй,
Бир адамдай биримдикти коёлу.

Өтөт бир күн кыйындыктын бардыгы,
Келгиле, биз ынтымакта жашайлы.
Элим мурда согуш отун кечкенбиз,
Бул жашоого азап менен жеткенбиз.

Ортодогу бузукунун тилдерин,
Алла таалам өзү бир күн кайтарат.
Ортобузга так салгандар жоголот,
Ынтымакта жүргөн гана кез калат...

## БАРПЫ АКЫНГА

Сузактын Ачысы экен чыккан жери,
Төкмө акын Барпы атабыз менен,
Сыймыктанып
Мактанат,
Жалал-Абад эли.

Кудайым берген талантты,
Такшалтып жүрүп өттүңүз.
Канча акынды айтышта,
Какшантып жүрүп өттүңүз.
Ырыңыз калып элиңде,
Өзүңүз узап кеттиңиз.

Элибиз сыйлап атыңды,
Театрга коюшкан.
Айлыңыз Барпы аталып,
Бараандуу конуш болушкан.

## ШАБДАНБАЙ АКЫНГА

Ак-Төок деген айылдан,
Шабданбай чыгып өтүптүр.
Өзү өлгөн менен сөзү өлбөйт,
Өлбөс иш кылып кетиптир.

Ак-Тоок – алтын жерим,
Кыз-Көлүм – кымбат жерим.
Ала-Тоонун баарысы кымбат,
Мен бейиштин төрүндөмүн.

Шабданбай акын менен сыймыктанам,
Биз анын артындагы жолдобуз.
Чын дүйнөдө бейишке чыгып,
Кызыңызды арбагыңыз менен колдоңуз.

## КӨЧКӨНБАЙ АГАЙГА

Көчкөнбай деген агай бар,
Музыкант болуп иштеген.
Канчалаган балдарга,
Өнөр, таалим шык берген.

Айгайдын алган билими,
Элине тийди пайдасы.
Баалашып эл да агайды,
Батасын берген чалдары.

Күлүп жүрүп күлүндөп,
Тууганды тартып сыйлады.
Күлдүрүп келин-кыздарды,
Энелерде бата алды.

## АБСАМАТ АГАЙГА

Иштеген агай Абсамат,
Фрунзе деген мектепте.
Математика, физиканы окутуп,
Тарбия берген эченге.

Агайым менин Абсамат,
Акылын айткан ондогон.
Крупская сыяктуу педагог,
Улуулардын жолун жолдогон.

Өз балдарын окутуп,
Намысына бек турган.
Ак эмгек кылып элине,
Акылга салып иш кылган.

## КАДЫРБЕК АГАЙГА

Кадырбек агай,
Военрук сабактан.
Окутуп эчен балдарды,
Аскердик ишке даярдаган.

Мектепте иштеп көп жылы,
Спорттон атын чыгарган.
Спортко шыктуу балдарды,
Өзү үйрөтүп таптаган.

Өмүрүнүн көп жылын,
Балдарга арнап келген ал.
Жеткинчек эчен балдарга,
Тарбия-таалим берген ал.

## ГҮЛБАРЧЫН СИҢДИМЕ

Гүлбарчыным, садагасы болоюн,
Гүлдөн-гүлдү тандап сага коёюн.
Гүлдөрүңдүн ачылганын карачы,
Сен да гүлдөй жайнап жүргүн бир боорум.

Төрөбек экөөң бир болуп,
Бактылуу үй-бүлө болгула.
Балдарыңдын бактысы үчүн,
Түбөлүктүү тирек болгула.

## САРЫБАЙ АКЕМЕ

Сарыбай деп эркелетип Нур тагам,
Жөлөгүм, тирегим деп бапырады.
Кадыркул канатына калкаласа,
Көчкөнбай канаттууга кактырбады.

Дүйнөдө жубайың кымбат болду сага,
Карындашың Гүлайымды сыйлап өткүн дүйнөдө.
«Кыздын кырк чачы улуу» дейт,
Кыздарды кыргыздар бүт сыйлап келет.

Бул дүйнөдө түшүнбөдүң, кыйналдың,
Оо дүйнөдө түшүндүңбү Кудайды.
Арга канча, жашоо деген ушундай,
Бүгүн барың, эртеге жок турбайбы.

Кереметпи, же аянбы билбедим,
Кечирим сурадың келип түшүмдө.
Бир карындан чыкканбыз, кечирем мен,
Бейиши бол ошол чындык дүйнөдө!..

## ЖЫЛДЫЗ КЫЗЫМА

Умай эне кирип түшүмө,
Ак шейшепке ороп берген сени.
Ар убакта аман болуп садага,
Апаңдын ак тилегин актап эми.
Бактылуу бол, бакыт талкын турмуштан,

Окуган окууңдун үзүрүн көр.
Банкта иштеп балпайып,
Бактылуу кыз болгун.
Өмүрүң узун болсун түбөлүк,
Балдарың жайнап турсун үйүңдө.
Жолдошуңа сүйүктүү жар болуп,
Жашагын өмүр бою түбөлүк.

## АЙДЫҢ КЫЗЫМА

Ай чыкканда төрөлгөн,
Түнкү периште колдоп.
Атаң, апаң, чоң энең,
Айдың деп атты койгон.
Ай нуруңдай ачык болсун жүзүң дайым,
Айдың кызым бийик болсун бак-таалайың
Түгөйүңө түбөлүктүү түгөй болуп,
Кубанычка балкып жүргүн ар дайым.

Түбөлүккө бактылуу бол Айдың кызым.
Балдарың бапырасын үйүң толуп,
Окуган дипломдун ийгилигин көрүп,
Иштеген ишиңден ийгилик таап,
Өмүр бою өкүнбөй өткүн жашап.

## Мазмуну

Автордон алгы сөз . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Кыргыз элим. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4
Кыргыз тилим. . . , . . . . . . . . . . . . . . . . 4
Китеп. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Өскөн жерим. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Миң ырахмат мугалимге. . . . . . . . . . . 6
Аттестация биз үчүн . . . . . . . . . . . . . . 7
Кызыл-Кыя . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Гүлдөй бер, Кыргызстан . . . . . . . . . . . 8
Мээримдүү Кыргызстаным. . . . . . . . . 9
Гүлдөсүн Кыргызстаным . . . . . . . . . . 9
Кыргыздын жаңы жылы . . . . . . . . . . 10
Асылым апам, Асылкан. . . . . . . . . . . 10
Апамдын сөзүн унутпайм . . . . . . . . . 11
Апам Асылкандын арманы . . . . . . . . . 11
Менин апам Асылкан . . . . . . . . . . . . 12
Менин таенем Бегайым. . . . . . . . . . . 13
Сүйүүндү акта . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Мугалимбиз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14
Нооруз майрамы. . . . . . . . . . . . . . . . 14
1-Май майрамы . . . . . . . . . . . . . . . . . 15
Курманжан датка . . . . . . . . . . . . . . . 15
Мээрбан эже көрүнөт. . . . . . . . . . . . 16
Ак тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Жаңы жыл. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Жашырын сүйүү. . . . . . . . . . . . . . . . . 17
"Ипардын" гүлдөрү . . . . . . . . . . . . . . 18
Бүтүрүүчүлөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
А. Бекназаров . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Коррупция. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19

Сүйүү оту . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
8-Март . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Туулган күнүң кут болсун . . . . . . . . 21
20 жылдык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Октябрь айылы . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Фрунзе мектеби . . . . . . . . . . . . . . . 23
Карыгандагы сүйүү . . . . . . . . . . . . . 23
Максатыбыз бир болсун . . . . . . . . . 24

**Арноолор**

Агайым менин Конокбай . . . . . . . . . 25
Рахмаң агайга . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Абдымалик иниме . . . . . . . . . . . . . . 26
Курманбек баатырга . . . . . . . . . . . . 26
Рыспай ырчыга . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Гапар Айтиаевге 100 жыл . . . . . . . . 27
Өмүр сакчысы врачка . . . . . . . . . . . 28
Туманов Токтогулга . . . . . . . . . . . . 28
Рашид Тагаевге . . . . . . . . . . . . . . . . 29
Айыл өкмөт башчы Рахманга . . . . . . 30
Абдырахман агайга . . . . . . . . . . . . . 30
Нур тагама . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Жамаатыма . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Барпы акынга . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Шабданбай акынга . . . . . . . . . . . . . 32
Көчкөнбай агайга . . . . . . . . . . . . . . 33
Абсамат агайга . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Кадырбек агайга . . . . . . . . . . . . . . . 34
Гүлбарчын синдиме . . . . . . . . . . . . 34
Сарыбай акеме . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Жылдыз кызыма . . . . . . . . . . . . . . . 35
Айдын кызыма . . . . . . . . . . . . . . . . 36

**Гүлайым Каарова**

# ТУУЛГАН ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ АЛТЫН

• *Ырлар жана арноолор*

Жалал-Абад шаарындагы жеке басмаканада басылды.
Жалал-Абад шаары, Токтогул к., 20-3
Нускасы 200 даана.

